**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**
**ХАН-ТЕНИРИ**

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 9- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 12-июнь** **№ 53** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Укук бузуулар жөнүндө иштерди караган Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн комиссиясы жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 27-беренесине, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 24-январындагы №35 ьтоктомуна ылайык бекитилген “укук бузуулар жөнүндө иштерди караган комиссиялар жөнүндө” типтүү жобого ылайык жана мыйзамдуулук, укук коргоо, өзгөчө кырдаал, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун угуп жана талкуулап, жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. Укук бузуулар жөнүндө иштерди караган Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн комиссиясы жөнүндө жобо бекитилсин.
2. Укук бузуулар жөнүндө иштерди караган Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн комиссиясы жети мүчөсүнөн туруп курамына төмөндөгү жарандар киргизилсин:
   - Абдиев А.Э. – айыл өкмөтүнүн укуктук тартип, озгөчө кырдаалдар, пробация боюнча адиси, - комиссиянын төрагасы;
   - Сүйүмбаева Д.А.- айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;
   - Моңолдорова А.Ч.- айыл өкмөтүнүн этика боюнча комиссиясынын мүчөсү, - комиссиянын мүчөсү;
   - Дабаев А.Н.- айыл өкмөтүнүн башкы адиси, - комиссиянын мүчөсү;
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**